# Жалпы жоболор

## 1. Негизги кесиптик билим берүү программасы

Негизги кесиптик билим берүү программасы студенттердин жана колледж кызматкерлеринин биргелешкен билим берүү, илимий, өндүрүштүк, коомдук жана башка ишаракеттеринин алкагында ишке ашырылат. "Акушердик иши" адистигин программасы төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

- бүтүрүүчүнү даярдоодо практикалык багыттуулукка басым жасоо;

- "Акушердик иши" адистигинин окутуучулары тарабынан окутуунун заманбап педагогикалык технологияларын колдонуу;

- билим берүүнүн мазмунун аныктоодо практикалык саламаттык сактоонун суроо-талаптарын эске алуу;

- окуп жаткандарды кесиптик чөйрөдө дайыма өнүгүүгө жана инновациялык ишмердүүлүккө, анын ичинде квалификациясын жогорулатууну улантууга шыктандыруу.

**1.1. 060102 "Акушердик иши" адистиги боюнча НКББПны иштеп чыгуу үчүн ченемдик документтери**

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгуунун ченемдик укуктук базасын төмонкүлөр түзөт:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 Билим берүү жөнүндө Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы №718 жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндө токтому (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №472, 2014-жылдын 22-июлундагы №405, 2018-жылдын 16-июлундагы №323, 2019-жылдын 30-декабрындагы №718, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 25-ноябрындагы №278, 2023- жылдын 29-майдагы №290 токтомдорунун редакцияларына ылайык);

- "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы №718 токтомУНУН аткарылышы тууралуу 2020-жылдын 24-февралындагы №202/1 буйругу;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 15- майдагы №567/1 060102 "Акушердик иши" адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (каттоо №180 07.06.2019-ж);

- "Акушер (-ка)" кесиптик стандарты (каттоо №38, QA 86.90.0 3222 0038);

-ОшМУнун уставы;

-Колледждин окуу процессине тиешелүү жоболору жана ички документтери.

**1.2. НББП эмнелерди камтыйт:**

- Орто кесиптик билим берүүнүн 060102 Акушердик иши адистиги боюнча НКББПсын окутуу жаатындагы максаты:

-күтүлүүчү натыйжалар жана компетенциялар:

-дисциплиналар менен компетенциялардын шайкештиги:

-НББпнын оздоштуруу мооноту:

-Акушердик адистикке рыноктогу суроо талаптар:

-НББПнын озгочолугу:

-Окутуучу адистер менен камсыздалганы:

-Материальдык техникалык база.Аудиториялык фонд.Китепкана фонду.Электрондук китепкана.

*- Билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрү үчүн эмгек рыногунун муктаждыктарын талдоо*

**1.3 НББПдагы терминдер кыскартылган создор:**

НББП-негизги билим беруу программасы

НКББП-негизги кесиптип билим беруу программасы

МББС- мамлекеттик билим берүү стандарты;

ББС - билим берүү стандарты;

ПЦК-предметтик циклдык комиссия;

ДМЧА - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар;

ДПУ - дарылоо-алдын алуу мекемеси;

ЖКББ - жогорку кесиптик билим берүү;

ЖКК - жалпы кесиптик компетенция

КК - кесиптик компетенциялар;

ЖК-жалпы комптенциялар;

ОН-окутуунун натыйжалары;

ОКББ - орто кесиптик билим берүү;

ОУБ - окуу-усулдук бирикме;

ОПК - окутуучу-профессордук курамы

ОСКС - объективдүү структураланган клиникалык сынак

STEM ( Science, Tehnology, Engeneering and Mathematics) Илимий, техникалык, инженердик жана математикалык дисциплиналарды интеграциялоо

**2.Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн максаттары жана күтүлүүчү натыйжалары:**

- МАКСАТ. Өзүнүн кесиптик компетенциясына,ыйгарым укуктарына ылайык акушердик-гинекологиялык жардам, диагностика,кош бойлуулукту жана төрөттү башкаруу,тез медициналык жардам, дарылоо жана санитардык-агартуу иш-чараларын көрсөтө алган даяр адис болууга тийиш.МАКСАТ Кош бойлуу жана акушердик паталогия менен ооруган бейтаптарды кароодо медайымдык процесстин негизги кадамдарын талдоону жана документтештирүүнү билет, маалыматты заманбап технологиянын деңгээлинде сактай алат, өз билимин дайыма өркүндөтүү менен жумушту алып барат.МАКСАТ. Дайыма өзгөрүп турган рынок экономикасынын шартында атаандаштыкка жөндөмдүү, гумандуу болуу, өзүнүн базалык билимин кесиптик ишмердүүлүгүндө сарамжалдуу пайдалануу , өз оюн мамлекеттик жана расмий тилдерде билдире алат,ошондой эле чет тилдердин бирин билет.

Инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты:Билим алуучуларды сылыктыкка, чечкиндүүлүккө, сабырдуулукка, жоопкерчиликке, коммуникация көндүмдөрүнө, өз жумушун берилүү менен аткарууга, гумандуулукка, тыкандыкка тарбиялоо.

Кесиптик ишмердүүлүгү жаатындагы максаты:Кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндө акушердик-гинекологиялык жардамды калктын муктаждыгын жоюуга колдоно билген, заманбап медициналык технологияларды, медициналык абдыктар менен иштей алган жана тез медициналык жардам, дарылоо, санитардык-агартуу ишмердүүлүгүн көрсөтө алган орто билимдүү адис болуп калыптанышат.

Компетенциялар: -Клиникалык протоколдордун негизинде физиологиялык кош бойлуулукта, төрөт жана төрөттөн кийинки мезгилде акушердик жардам көрсөтө билет. Акушердик патология учурунда тез жардам иш- чараларын аткара билет. Торот учурунда дарыгерге хирургиялык манипуляцияларды аткарууга жардам бере алат (чаттын 1-2 даражадагы бертинүүлөрүн калыбына келтирүүдо, акушерге тийешелүү болгон милдетерине жараша көмөк көрсөтө алат). Бейтапка медициналык кийгилишүүлор жөнүндө түшүнүктүү, жеткиликтүү маалымат бере алат.

-Жаны төрөлгөн ымыркайды алгачкы текшерүүдөн өткөрүп, ымыркайга баа бере алып, кам көрүп жана ата-энелерди да ымыркайды кам көрүүгө үйрөтө алат.

-Кош бойлуу аялга диагностика жүргүзүп, дарыгерге чейинки жардам көрсөтө алып жана кош бойлуулуктун татаалданышында, төрөттөн кийинки мезгилдеги акушердик жана экстрагениталдык патологиясы бар аялга кам көрө билет. Курч ооруларда, кырсыктарда, өзгөчө кырдаалдарда, эпидемиялык шарттарда жана гинекологиялык тез жардамды дарыгерге чейин көрсөтө билет.

-Диагностикалык процедураларды кесиптик милдет чегинде өз алдынча аткара алат. Операцияга чейинки жана операциядан кийинки мезгилде кам көрө алат.

-Баланын өнүгүүсүндөгү физикалык жана психикалык аномалияларды аныктай алып, дарыгердин жетекчилиги астында балдарга кам көрүү жүргүзүп, дарылоо, диагностикалык жана профилактикалык иш чараларды жүргүзө алат.

-Кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, мамлекетүүлүктүн философиясын, жарандык идентүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өркүндөтүүгө багытталган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөнд

**Негизги билим берүү программасынын максаттары:**

**Максат 1.**
Кесиптештер, бейтаптар жана алардын жакындары менен натыйжалуу байланыш түзө алган, тилдерди жана маалыматтык технологияларды колдонгон, медициналык документацияны туура жүргүзгөн жана маалымат булактарын (адабияттарды) пайдалана билген адистерди даярдоо.

**Максат 2.**
Этномаданий өзгөчөлүктөрдү сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген, жарандык иденттүүлүк принциптерин карманган, калктын ден соолугуна табигый жана социалдык факторлордун тийгизген таасирин аныктаган, коомдун руханий, адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын, максатка умтулуучулукту, уюшкандыкты, эмгекчилдикти, жоопкерчиликти, коммуникабелдүүлүктү жана толеранттуулукту калыптандыруу.

**Максат 3.**
Өз убагында сапаттуу акушердик-гинекологиялык, төрөткө чейинки, перинаталдык жана төрөттөн кийинки жардам көрсөтө алган, ар кандай курактагы аялдарга жана жаңы төрөлгөн ымыркайларга кам көрө алган, бейтапты, үй-бүлөнү жана/же жакындарын оорулардын алдын алуу жана ден соолукту сактоо чараларына үйрөткөн, клиникалык ой жүгүртүүгө жана клиникалык протоколдордун негизинде иштөөгө жөндөмдүү адистерди даярдоо.

**2.1.Негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн күтүлүүчү натыйжалары жана (РОоп):**

: **ОН -1.** Гуманитардык, табигый жана так илимдер боюнча алган билимдерин өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно билет.

**ОН-2.** Кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматты, инновациялык технологияны пайдалана алат.

**ОН-3.** Жамаатта жоопкерчилик менен иштей алат.

**ОН-4.** Ыйгарым укуктарына ылайык профессионалдык деңгээлде акушердик жана гинекологиялык жардам көрсөтө алат.

**ОН-5.** Дарыгердин жетекчилиги астында (медициналык) дарылоо жана алдын алуу иштерин жүргүзөт.

**ОН-6.** Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде медициналык-социалдык иш-аракеттерин жүргүзөт.

**ОН-7.** Инсандык, улуттук иденттүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, өнүгүүсүнө жана жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык жоопкерчилик мамиледе болот.

**ОН-8.** Калктын ден соолугун өнүктүрүнүн абалы жана мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө билимди калыптандыруу,аны аныктоочу факторлор,калктын саламаттыгын көрсөткүчтөрүн эсептөө жана талдоо ыкмаларын өздөштүрот.

**2.2..ООП максаттары менен өздөштүрүү натыйжаларынын шайкештик матрицасы**

| | Максат 1 | Максат 2 | Максат 3 |
|---|---|---|---|
| **ОН-1** | + | | |
| **ОН-2** | + | | |
| **ОН-3** | | + | |
| **ОН-4** | | | + |
| **ОН-5** | | + | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| ОН-6 | | | + |
| ОН-7 | | + | |
| ОН-8 | | | + |

| Максат 1 | Максат 2 | Максат 3 |
|---|---|---|
| Кесиптештер, бейтаптар жана алардын жакындары менен натыйжалуу байланыш түзө алган, тилдерди жана маалыматтык технологияларды колдонгон, медициналык документацияны туура жүргүзгөн жана маалымат булактарын (адабияттарды) пайдалана билген адистерди даярдоо | Этномаданий өзгөчөлүктөрдү сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген, жарандык иденттүүлүк принциптерин карманган, калктын ден соолугуна табигый жана социалдык факторлордун тийгизген таасирин аныктаган, коомдун руханий, адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын, максатка умтулуучулукту, уюшкандыкты, эмгекчилдикти, жоопкерчиликти, коммуникабелдүүлүктү жана толеранттуулукту калыптандыруу | Өз убагында сапаттуу акушердик-гинекологиялык, төрөткө чейинки, перинаталдык жана төрөттөн кийинки жардам көрсөтө алган, ар кандай курактагы аялдарга жана жаңы төрөлгөн ымыркайларга кам көрө алган, бейтапты, үй-бүлөнү жана/же жакындарын оорулардын алдын алуу жана ден соолукту сактоо чараларына үйрөткөн, клиникалык ой жүгүртүүгө жана клиникалык протоколдордун негизинде иштөөгө жөндөмдүү адистерди даярдоо. |
| ОН -1. Гуманитардык, табигый жана так илимдер боюнча алган билимдерин өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно билет.<br><br>ОН-2. Кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматты, инновациялык технологияны пайдалана алат | ОН-3. Жамаатта жоопкерчилик менен иштей алат.<br><br>ОН-5. Дарыгердин жетекчилиги астында (медициналык) дарылоо жана алдын алуу иштерин жүргүзөт. | ОН-6. Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде медициналык-социалдык иш-аракеттерин жүргүзөт |
| | ОН-7. Инсандык, улуттук иденттүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, өнүгүүсүнө жана жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык жоопкерчилик мамиледе болот | ОН-8. Калктын ден соолугун өнүктүүрүнүн абалы жана мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө билимди калыптандыруу,аны аныктоочу факторлор,калктын саламаттыгын көрсөткүчтөрүн эсептөө жана талдоо ыкмаларын өздөштүрот. |